BAKAIBANK

# “Бакай Банк” ААКта кардар-резиденттерге эсеп ачуу үчүн документтердин тизмеси

**Жеке адамдарга эсептешүү эсебин ачуу үчүн төмөнкүдөй документтер талап кылынат:**

1. Кардардын анкетасы;
2. Эсеп ачууга арыз. Ага кардар тарабынан кол коюлушу керек;
3. Эсепти тескөөчүлөрдүн кол тамгаларынын үлгүлөрү коюлган карточка;
4. Кардардык эсептерди ачуу жана жүргүзүү жөнүндө келишим;
5. Эсепти тескөөчүнүн өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (паспорт);

**6. Белгилүү бир үчүнчү жеке адамдардын атынан:**

6.1. жаш курагы жете элек кардарлар үчүн – жаш курагы жете элек кардардын өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү. Ал документтин түп нускасы менен салыштырылып текшерилиши керек (он алты жашка толо элек кардарлар үчүн – туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, он алты жашка жеткен кардарлар үчүн – паспорт);

6.2. кардардын жаш курагы жете элек болсо, анын пайдасына банктык эсеп ата-энеси, башка мыйзамдуу өкүлдөрү же үчүнчү жактар тарабынан ачылса, анда арыз сунушталат, арызда анын пайдасына эсеп ачылган Кардар жөнүндө маалымат камтылып, ага ата-энеси, башка мыйзамдуу өкүлдөрү же үчүнчү жактар тарабынан кол коюлушу керек. Ошондой эле эсеп ачып жаткан адам жөнүндө маалыматтар, ата-энесинин, башка мыйзамдуу өкүлдөрүнүн же үчүнчү жактардын өздүгүн тастыктоочу документ, жаш курагы жете элек кардардын өздүгүн тастыктоочу документ (он алты жаш куракка жете элек кардарлар үчүн – туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, он алты жашка жеткен кардарлар үчүн – паспорт) дагы сунушталат;

6.3. банктык эсеп ачууга ишеним кат, ал ишеним кат нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүп, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык таризделиши керек;

6.4. кардар-ишенимдүү өкүлдүн анкетасы (банктык эсеп ишеним кат боюнча ачылган учурда).

Эскертүү: жаш курагы жете элек өспүрүмдүн атына киргизилген аманатты төмөнкүлөр тескешет:

- жаш курагы жете элек өспүрүм он төрт жашка толгонго чейин – ата-энеси же мыйзамдуу өкүлдөрү;
- жаш курагы жете элек өспүрүм он төрт жашка толгондон кийин - жаш курагы жете элек өспүрүмдүн өзү.